"БЕКИТИЛДИ"
ОшМУнун ректору.
Кожобеков К.Г.

2023-жыл

ОшМУнун 1-курсунун студенттеринин базалык билим деңгээлин диагностикалоону уюштуруу, өткөрүү жөнүндөгү

ЖОБО

## 1. Жалпы жобо

1.1. Бул жобо Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесине, Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин 2023-жылдын 16-февралындагы 556|1 буйругу менен бекитилген ОшМУнун уставына жана ички укуктук ченемдик актыларга ылайык ОшМУнун билим берүүнүн сапаты жана лицензиялоо департаменти тарабынан иштелип чыгып, университеттин ректору тарабынан бекитилген.

1.2. Студенттердин базалык билим деңгээлин диагностикалоо (мындан ары диагностикалоо) ОшМУнун сапаттын кепилдиги саясатына ылайык студенттердин билим сапатын камсыздоо системасынын бир бөлүгү болуп саналат.

1.3. Окутуунун сапатын жогорулатуунун жолдорунун бири — билимге көзөмөлдүк кылуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу. Билимди көзөмөлдөө маселеси көп кырдуу жана заманбап билим берүү процессинде актуалдуу болуп саналат. Диагностикалоонун эң негизги максаты – студенттердин үзгүлтүксүз жана максаттуу иштөөсүнө түрткү берүү. Студенттердин ишинин интенсивдүүлүгү жана үзгүлтүксүздүгү негизинен көзөмөлдүн жыштыгына жана үзгүлтүксүздүгүнө жараша болот. Алынган билимдин эс тутумда сакталышынын узактыгы да ушундан көз каранды.

Диагностикалоонун дагы бир максаты – студенттин өз ишин окутуучунун талаптары менен салыштыруу мүмкүнчүлүгүн берүү жана кемчиликтерди, иштелбей калган жерлерди таап, даярданууга оңдоолорду киргизүүсүнө жетишүү.

1.4. Диагностикалоо окуу процессин ийгиликтүү пландаштыруунун жана башкаруунун зарыл шарты болуп саналат. Ал билимдин баштапкы деңгээлин аныктоого, аны негиз катары колдонууга жана окуу материалынын татаалдыгына көңүл бурууга мүмкүндүк берет. Окутуучу жумушчу программасына түзөтүүлөрдү киргизет, белгилүү бир группа менен сабактарда кайсы тарбиялык элементтерге көбүрөөк көңүл буруу керектигин аныктайт жана аныкталган кемчиликтерди жоюунун жолдорун белгилейт.

1.5. Диагностикалоо негизги жалпы билими бар биринчи курстун студенттеринин арасында ар бир адистиктин негизги пререквизиттерине жүргүзүлөт.

Scanned with ACE Scanner

## 2. Диагностикалоону жүргүзүүнүн максаттары

2.1. Университеттин администрациясы үчүн:

- Окутууда билим берүү кызматтарынын сапатын камсыз кылуучу шарттарды түзүү;
- 1-курстун студенттеринин жалпы билим деңгээлин аныктоо аркылуу жалпы көйгөйлөрдү аныктоо;
- студенттердин мамлекеттик билим берүү стандартынын мазмунун өздөштүрүүгө жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын аткарууга даярдыгынын даражасын аныктоо.

2.2. Профессордук-окутуучулук курам үчүн:

- студенттердин деңгээлин, билимин, билгичтик жана көндүмдөрүн, алардын негизги жалпы билим берүү программасын өздөштүрүү даражасын аныктоо;
- жалпы билим берүүчү дисциплиналар боюнча студенттерди базалык даярдоодогу кемчиликтерди аныктоо;
- негизги кесиптик билим берүү программасында окуу материалын өздөштүрүү үчүн студенттердин даярдыгынын деңгээлин коррекциялоо;
- аныкталган көйгөйлөрдүн негизинде студенттин жеке билим берүү траекториясын түзүү;
- иш программаларынын мазмунун оңдоо жана окутуунун технологияларын тандоо.

## 3. Диагностикалоону уюштуруу

3.1. Ош мамлекеттик университетинин билим берүүнүн сапаты жана лицензиялоо департаменти студенттердин базалык билимине диагностика жүргүзүүнүн тартибин жана кадамдарын аныктайт.

3.2. Диагностикалоо компьютердик жана бланктык тестирлөө, жазуу иштери (диктант, грамматикалык тапшырма, дилбаян, ой жүгүртүү, текшерүү иш) ж.б. түрүндө жүргүзүлөт.

3.3. Билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн диагностикасы студенттердин мурунку билимин алуу учурунда окуган дисциплиналары боюнча боштуктарды текшерүү болуп саналат жана негизги билим берүү программасынын дисциплиналары боюнча учурдагы, аралык аттестация менен алмаштырылышы мүмкүн эмес. Диагностиканын натыйжалары учурдагы же аралык аттестациянын натыйжаларына таасир этe албайт жана студенттердин жетишкендиктеринин көрсөткүчү боло албайт.

3.4. Диагностикалоонун жыйынтыгы боюнча окуу журналдарына баа коюлбайт, өзүнчө ведомостто таризделет.

3.5. Окутуучулар ар бир билим берүү программасындагы 1-курстун студенттерине мектептеги билим базасын текшерүү үчүн баалоо инструменттерин иштеп чыгышат. ББПнын жетекчиси тарабынан бекитилет.

3.6. Диагностикалоону көзөмөлдөөнүн натыйжалары окутуучулар тарабынан студенттерди окутууга жекече мамилени аныктоо жана 1-курста окуу дисциплиналарынын иш программаларын мүмкүн болгон оңдоп-түзөө үчүн колдонулат.

3.7. 1-курска кабыл алынган студенттердин билимине диагностикалык баалоону уюштурууга жана өткөрүүгө билим берүү программасын даярдап жаткан кафедра башчысы жооптуу.

3.8. Диагностикалоонун уюштурулушун жана өткөрүлүшүн факультеттин деканы, колледждин директору координациялайт.

Scanned with ACE Scanner

3.9. Ар бир билим берүү программасын ишке ашырып жаткан кафедранын окутуучулары тарабынан диагностикалык баалоону жүргүзүүнүн инструменттери (тест, текшерүү иши, жат жазуу, дил баян ж.б.у.с.) сентябрда иштелип чыгарылат, сентябрдын экинчи жарымында диагностикалоону жүргүзүшөт.

3.10. Диагностиканы жүргүзүү үчүн контролдук жана баалоо каражаттары тиешелүү кафедраларда сакталат. Ар бир кафедра башчысы ушул жободо белгиленген талаптарды эске алуу менен диагностикалык тапшырмалардын банкын түзөт.

3.11. Контролдоо жана баалоо каражаттарынын мазмуну ар түрдүү милдеттерди камтышы керек, алардын татаалдык деңгээли негизги жалпы мектептик билим берүүнүн программаларында каралган талаптардан ашпоого тийиш. Тесттин бир вариантындагы тапшырмалардын жалпы саны 20дан ашпашы керек.

## 4. Диагностикалоону жүргүзүүнүн тартиби

4.1. Диагностика жөнүндө студенттерге бир жумадан кем эмес алдын ала кабарланат жана процедуранын шарттары менен тааныштырылат. Маалымат университеттин сайтында жана маалымат стенддеринде жайгаштырылат.

4.2. Диагностика окуу тайпасындагы студенттерди алдын ала даярдоосуз жүргүзүлөт. Убактысы 45 мүнөттөн ашпоого тийиш.

4.3. Диагностика жүргүзүүдө студенттер аудиториядан аяктаганга чейин чыкпоого жана окуу китептерин, конспекттерди жана башка маалымдама материалдарды пайдаланбашы керек. Тестирлөө жана баалоо куралдары алдын аластуденттерге берилбейт, аяктагандан кийин үйүнө берүүгө тыюу салынат.

4.4. Тайпага бөлүнгөн убакыт аяктагандан кийин окутуучу баалоо инструменттерин чогултат. Окуучулардын билим деңгээли 4 баллдык шкала боюнча бааланат («эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык», «канааттандырарлык эмес»).

4.5. Диагностиканын натыйжалары окутуучу тарабынан билимди текшерүүнүн натыйжалар барагында (сводная ведомость) таризделет. Диагностикалык баалоону уюштурган жана өткөргөн тиешелүү окутуучулар тарабынан аналитикалык отчет жазылат.

4.6. Окутуучулардын жана НББПнын деңгээлиндеги диагностикалоонун жыйынтыгы боюнча окуу дисциплиналарынын иш программалары талданып, оңдолуп түзүлүп, студенттердин билиминин жетишсиз жактарын жоюу чаралары белгиленет.

4.7. Окутуучулардын аналитикалык отчетторунун жыйынтыгынын негизинде диагностиканын жыйынтыгы боюнча акт түзүлөт жана жалпы аналитикалык отчет, ага ылайык кабыл алынган чечимдер билим берүүнүн сапаты жана лицензиялоо департаментине, окутуучуларга 1-ноябрга чейин берилет.

Scanned with ACE Scanner